# ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ

## PLITONIT РемСостав — тез катуучу оңдоо курамы




Бул каражат ички жана тышкы иштерди жүргүзүүдө бетон, темир-бетон жана кирпичтен жасалган тик жана туурасынан келген беттерди оңдоо жана тегиздөө үчүн арналган. Тегиздөөдө сунушталган катмар калыңдыгы 5–50 мм (чукул жерлерде 80 ммге чейин). Колдонуу учурунда жабуунун температурасы – +70°Ска чейин. Толтургучтун эң көп бөлүкчөсү – 2,5 мм.

**Таңгактоо — 25 кг, 4 кг.**

- Полдордогу, дубалдардагы, шыптардагы чуңкурларды шыбоо үчүн
- Тепкичтерди оңдоо
- Цоколду оңдоо
- Курамды колдонгондон кийин 3 сааттан соң эле бетти пайдаланууга болот
- Тегиздөө катмарынын калыңдыгы 50 мм чейин, чукул жерлерде 80 мм чейин — ар түрдүү милдеттер үчүн универсалдуу чечим
- ГОСТ 12730.5 боюнча суу өткөрбөөчүлүгү W8 — нымдын таасирине туруктуулук
- Бекемдөөчү булачалар камтылат: жарака пайда болууга жогорку туруктуулук

**Материалдын сарпталышы**

Катмар калыңдыгы 10 мм болгондо 19–20 кг/м²

**Жумуш аткаруунун шарттары**

Иш жүргүзүлүп жатканда жана андан кийинки 24 саат бою температураны +5°Стан +30°Ска чейинки чекте кармап туруу зарыл. Иш жүргүзүлүп жатканда аралашманын жана негиздин температурасы – +10°Стан +30°Ска чейин болушу керек.

**Негизди даярдоо**

Негиздин бети чаңдан, кирден, майдан, битумдан, органикалык жана минералдык желимдердин жана боёктордун калдыктарынан тазалоо керек. Бетине чийикчелерди түшүрүп, цементтик пленканы алып салуу. Бетин нымдоо керек.

**Аралашманы даярдоо**

Кургак аралашманы суюлтуу үчүн ичүүчү сууну колдонуңуз. Аралаштыруу катышы: 1 кг кургак аралашмага 0,11-0,16 л суу талап кылынат. Кургак аралашманы алдын ала өлчөнгөн бөлмө температурасындагы сууга кошуп, электр миксери же насадкасы бар электр бургусу менен 3 мүнөттөн кем эмес, айлануу ылдамдыгы мүнөтүнө 600дөн ашырбай, бөлтөк-салтагы бир өңчөй абалга келгенче аралаштырыңыз. Даяр аралашманын колдонуу убактысы 30 мүнөттү түзөт жана аралашманын температурасы 20±2°С болушу керек.

**Иштин тартиби**

Нымдуу бетке оңдоо курамын колдонуу. Аралашма кол менен шыбалат. Бет жылма болушу үчүн аралашма коюуланган соң жылмалоочу шайман менен иштетилет. Иштер аяктагандан кийин 3 саат өткөн соң иштетилген бетти пайдаланууга жол берилет.

**Көңүл буруңуз**

Шып беттерин оңдоодо кургак аралашманы эң аз көлөмдөгү суу менен аралаштыруу сунушталат. Бурчтарды калыбына келтирүүдө опалубканы колдонуу сунушталат. Көрсөтүлгөн мүнөздөмөлөр айлана-чөйрөнүн температурасы 20±2°С жана абанын салыштырмалуу нымдуулугу 60±10% болгон шартта жарактуу.

**Сактык чаралары**

Бул аралашма ГОСТ 12.1.007 боюнча кооптуулуктун 4-классына (көп кооптуу эмес заттарга) кирет. Жумуш учурунда кол каптарды, коргоочу көз айнектерди жана дем алуу органдарын коргоочу каражаттарды колдонуу керек. Аралашма териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жууп салуу керек. БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!

**Ташуу жана сактоо шарттары**

Аралашманы жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык жабык транспорт каражаттарында ташуу керек. Кургак аралашма салынган баштыктарды жабык, кургак таңгактын бүтүндүгү сакталган жана нымдан корголгон жайларда сактоо керек. Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү: даярдалган күндөн тартып 12 ай.

**Курамы**

Кум, портландцемент, бекемдөөчү булалар, өзгөртүүчү кошулмалар.

**Өндүрүүчүнүн кепилдиги**

Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда аралашманын ГОСТ 31357-2007 талаптарына жана техникалык таралаптарга шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмагынан ГОСТ 8.579-2001ге ылайык четтөөгө жол берилет. Өнүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилет (Аэфф < 370 Бк/кг; СанПиН 2.6.1.25.23-09 «Радиациялык коопсуздук нормалары (РКН 99/2009)» боюнча материалдардын I классы).

**Техникалык мүнөздөмөлөрү**

| | |
|---|---|
| Толтургуч бөлүкчөлөрүнүн эң чоң өлчөмү | 2,5 мм |
| Эң ири бөлүкчөлөрдүн курамы | 5%дан жогору эмес |
| 1 кг кургак аралашмага кошулуучу суунун сарпталышы | 0,11–0,16 л |
| Кыймылдуулугу:<br>• даярдалгандан дароо<br>• даярдалгандан кийин 20 мүнөттөн соң | Пк2<br>120–150 мм<br>100 мм кем эмес |
| Аралашманын катуу мезгилинин башталышы | 30 мүнөттөн эрте эмес |
| Аралашманын кысууга карата бекемдиги:<br>• 3 саттан кийин<br>• 28 суткадан кийин | <br>10 МПа кем эмес<br>40 МПа кем эмес |
| Аралашманын негиз менен жабышуу бекемдиги 28 сутка болгондо | 1,5 МПа кем эмес |
| 28 суткадагы отуруу өзгөрүүсү | 1 мм/мден ашык эмес |
| Суу өткөрбөстүк белгиси | W8 |
| Суукка туруктуулук белгиси | F150 |
| Табигый радионуклиддердин салыштырмалуу натыйжалуу активдүүлүгү | 370 Бк/кг көп эмес |

**25 кг кап үчүн логистикалык маалымат**

Жеке штрих-код: 4607013041486

Паллеттеги каптардын саны: 48 даана

**4 кг пакет үчүн логистикалык маалымат**

Жеке штрих-код: 4607013045941

Паллеттеги пакеттердин саны: 224 даана